**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.07.16.528**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 947(575.2)(043.3)**

**КАРАСАРТОВА ЧЫНАРКҮЛ ЖУМАШОВНА**

# ИСЛАМ ДИНИ КЫРГЫЗСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК ЖАНА ЭТНОСАЯСИЙ ПРОЦЕССТЕРИНДЕ (1985-2014-жж.)

**Адистиги 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек – 2016**

**Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстан тарыхы жана этнология» кафедрасында аткарылды**

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | тарых илимдеринин доктору<br>**Курбанова Назира Умаровна** |
| **Расмий оппоненттер:** | тарых илимдеринин доктору, профессор<br>**Абытов Байболот Капарович**<br><br>тарых илимдеринин кандидаты<br>**Шеров Шайырбек Бийжанович** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Кыргызстандын жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы<br>Дареги: Бишкек ш., проспект Мира 27. |

Диссертация 2016-жылдын «27» майында саат 16.00 дө 720026, Бишкек ш., Разаков көчөсү, 51а дареги боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана Маданий Мурас Институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) жана окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Разаков көчөсү, 51а.

Автореферат 2016-жылдын «27» апрелинде таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, т.и.д.** **Арзыматова А.А.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу**. XXк. аягында Кыргызстанда демократиялык жаңылануу жараяны менен келишүүчүлүк идеясынын активдүү жайылышы, коомдун бардык чөйрөлөрүн, анын ичинде диний чөйрөнү эбегейсиз зор өзгөрүүлөргө алып келди.

Эгемендүү Кыргызстанда «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» (1991-ж.) мыйзамдын кабыл алынышы, жарандык укуктар менен дин тутуу эркиндигин камсыз кылган жоболордун Конституцияда орун алышы, ж.б. диний чөйрөгө тиешелүү болгон жаңы мыйзамдык актылардын ишке ашырылышы диндердин, анын ичинде ислам дининин коомго кеңири жайылуусуна шарт түзгөндүктөн, кыска мөөнөттүн ичинде ислам дини калктын коомдук-саясий турмушуна сүңгүп кирип, коомдук аң сезимде мусулмандык иденттүүлүктү калыптандыруучу факторго айланды.

Кыргызстан менен мусулман өлкөлөрүнүн ортосунда тышкы байланыштардын орношу, мусулмандардын Меккеге ажылыкка барууга мүмкүндүк алуусу, мусулман коомчулугунда көптөгөн уюмдардын түзүлүүсү жана алардын активдүү ишмердүүлүгү, исламдык окуу жайлардын көбөйүүсү, массалык маалымат каражаттары менен китеп басмаканаларынын өнүгүүсү өлкөнүн коомдук өнүгүүсүнө исламдын тийгизген таасирин күчөттү. 2014-ж. Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгынын курамына кирген 2 362 мечиттер, 10 жогорку окуу жайлары, 71 медреселер менен бирге агартуучулук, билим берүүчүлүк, кайрымдуулук жана диний объектилерди куруу иштери менен алектенген 68 мусулмандык борборлор, фонддор, бирикмелер ишмердүүлүгүн жүргүзүшкөн.

Ошол эле учурда исламдашуу жараянындагы, исламда уруксат берилген, бирок светтик мыйзамдарда жол берилбеген көп аял алуучулук, окуу жайларда хиджаб кийүү маселесинин саясатташтырылышы, светтик мамлекеттик мекемелерде намазканалардын ачылуусу жана ар кандай саясий күчтөрдүн «мусулман электоратын» пайдалануусу сыяктуу маселелер, калктын светтик бөлүгүнүн арасында нааразычылыкты жаратып, конфликтик кырдаалдарды пайда кылууда. Мамлекетте тынчсыздануну пайда кылган проблемалар болуп исламдын саясатташуусу, диний радикализм менен экстремизмдин күч алуусу жана ар түрдүү исламдык мазхабдардын өкүлдөрүнүн ортолорундагы пикир келишпестиктер саналат.

Мындан сырткары, 1990-жылдардан баштап, Кыргызстанда мусулман этносторунун ортолорунда ар түрдүү мүнөздөгү конфликтер болуп өттү. Алардын ичинен, 1990 жана 2010-жылдардагы өлкөнүн түштүгүндө өзбектер менен кыргыздардын ортосунда болуп өткөн эки ири жаңжал этносаясий мүнөздөгү конфликтер болду. Тилекке каршы, Кыргызстанда диний аң сезимдин жогорулагандыгына жана «исламдык фактордун» күч алгандыгына карабастан, мусулмандардын жалпы дини болгон – сунниттик багыттагы ислам

дини – республикадагы ар түрдүү улуттагы мусулмандардын башын бириктире алган жок.

Демек, бүгүнкү күндө Кыргызстанда ислам дининин өлкөнүн коомдук турмушуна тийгизген таасиринин күч алуусу, бири-бирине карама-каршы келген көрүнүштөр жана тенденциялар менен коштолуп жаткандыктан, бул маселени илимий жактан изилдөөгө алып, өлкөдөгү диний кырдаалды жакшыртуу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу маселесин мезгил өзү талап кылууда. Өлкөнүн калкынын көпчүлүгү тутунган ислам дининин Кыргызстандагы этносаясий кырдаалга тийгизген таасирин өзгөчө талдоого алуу талап кылынат.

Диссертациялык иште изилдөөгө алынган бул маселенин саясий жактан курчтугун жана социалдык жактан маанилүүлүгүн эске алуу менен, азыркы Кыргызстандагы исламдын ордун жана ролун терең жана ара тараптуу талдоого алуу зарыл экендигин баса белгилеп коюу абзел.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланыштуулугу.**

Илимий иш демилгелүү эмгек болуп саналат. 2014-ж. баштап ислам дини менен байланышкан диссертациялык изилдөөнүн негизги натыйжалары Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунда түзүлгөн жумушчу топтун илимий долбоорлорлорунда колдонулуп келет.

**Изилдөөнүн объектиси** – болуп Кыргыз Республикасынын калкынын социалдык жана этносаясий турмуш чөйрөсү эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** – болуп XX–XXI кк. чегиндеги кыргыз коомчулугундагы ислам дининин кайра жаралуу, коомго жайылуу жана таасирин тийгизүү жараяндары саналат.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы** 1985–2014-жылдар аралыгын ичине камтыйт. Анын төмөнкү чеги, КПССтин диндерге каршы күрөшүү саясатын өзгөрткөндүгүнүн натыйжасында, ошол мезгилдерде анын коомдогу ролуна жана маанисине карата башкача ой жүгүртүүлөр пайда болгондуктан, мамлекеттик-конфессионалдык мамилелер трансформациялана баштагандыгы менен байланыштуу (1985-ж.). Ал эми жогорку чеги болсо, мамлекеттик – исламдык мамилелердин жаңы этабынын башталгандыгы менен байланыштуу (2014-ж.).

**Диссертациялык иштин максаты** болуп советтик жана постсоветтик мезгилдердеги Кыргызстанда мамлекеттик-исламдык мамилелердин трансформацияланган шартында, социалдык жана укуктук статусу өзгөргөн ислам дининин, социалдык жана этносаясий процесстерде алган ордун жана ролун аныктоо эсептелет.

*Жогоруда коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:*

- Кыргызстандын тарыхын изилдөөдөгү исламдык фактордун теориялык-методологиялык жана тарыхнаамалык аспектилерин ачып берүү;
- республикадагы исламдын кайра жаралуу жараянын, анын негизги өбөлгөлөрүн жана өнүгүү баскычтарын жана тенденцияларын тарыхый өнүгүүнүн динамикасында изилдөө;
- исламдык уюмдардын республиканын калкынын социалдык жана этносаясий турмушунда алган ордун жана ролун аныктоо;
- ата мекендик исламдык билим берүү системасынын калыптануусун талдоого алуу менен, Кыргызстандагы мусулман коомчулугу үчүн анын маанисин көрсөтүү;
- өлкөдөгү этносаясий кырдаалдардагы исламдын таасиринин деңгээлине баа берүү;
- кыргыз коомчулугун руханий адеп-ахлактык жактан жакшыртууда, исламдын социомаданий ролун баалоо;
- ре-исламдашуунун оң жана терс жактарын жалпылоо;
- изилденип жаткан темага өздүк көз карашты жаратуу жана аларга автордук баа берүү.

**Диссертациялык иштин жаңылыгы** болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- постсоветтик Борбордук Азиялык мамлекеттерде исламдын кайра жаралуу, коомго жайылуу процесстерине салыштырмалуу талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында, Кыргызстандагы диний кырдаалга мүнөздөмө берилген;
- исламдын кыргыз коомчулугуна тийгизген таасиринин деңгээли аныкталып автор тарабынан динамикалуу деп бааланды;

Муфтият менен анын «даават» бөлүмү, «Адеп башаты», «Таблик Жамаат», «Бүткүл дүйнөлүү жаштар ассамблеясы», «Муттакалим», «Сумая», «Алгачкы кадам» ж.б ушул сыяктуу расмий исламдык уюмдар талдоого алынып, алардын ишмердүүлүгүнө баа берилди;

- «Хизбут-Тахрир», «Ахмадия», «Акрамия», «Жайшуль Махди» сыяктуу ишмердүүлүгүнө тыюу салынган деструктивдик түзүмдөрдүн иштери талдоого алынып, аларга мүнөздөмө берилди;
- жаңы документтер менен булактарды илимий айлампага киргизүүнүн негизинде, мурда изилдөөгө алына элек, светтик мыйзамдардын шариатка дал келбей жаткандыгы, коомдо «аялдар жамааттарынын» пайда болгондугу жана өнүгүп жаткандыгы көрсөтүлдү;
- кыргызстандыктардын «жихад» үчүн чет өлкөлөргө согушка кетип жаткандыгынын ички жана тышкы себептери каралды, аларды экстремистик жана террористик уюмдарга тартуунун жолдору көрсөтүлдү;
- өлкөдөгү этносаясий процесстердеги исламдын орду аныкталды.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Изилденип жаткан маселе боюнча кеңири тарыхнаамалык талдоо жүргүзүүнүн негизинде, *Кыргызстандагы исламдын кайра жаралуу жараяны , анын этносаясий кырдаалдарга тийгизген таасири, расмий жана расмий эмес исламдык диний уюмдардын коомдун өнүгүүсүндөгү орду* азыркы учурга чейин илимий жактан атайын талдоого алынган эмес.

2. Социалдык-экономикалык кризистин шартында исламдын жана исламдык уюмдардын жагымдуу жүзүн көрсөтө тургандай коомдогу исламдын таасирин күчөтүүнү активдештирүүнүн негизги механизмдери менен жолдору болуп, заманбап усулдарды пайдалануу эсептелет: исламдык чаттар, «Viber», «WhatsApp», интернет-имамдар сыяктуу маалыматтык технологияларды; моделдик бизнести уюштуруу жана жарнамалоо; ислам кийимдерин өндүрүү жана демонстрациялоо; мода көргөзмөлөрүн уюштуруп өткөрүү; ар түрдүү «мавлид», «ифтар» сыяктуу кечелерди, Куранды окуу, Курандагы сүрөөлөрдү жатка айтуу конкурстарын уюштуруу; медия продукцияларды кеңири таркатуу: ар түрдүү жарнамалык мазмуну менен компакт-дисктерди, кайрымдуулук ишмердүүлүктү жарнама кылуу; диний уюмдар менен социалдык долбоорлорду каржылоо; мектептерди, адистештирилген жатаканаларды куруу, суу түтүктөрү менен скважиналарды орнотуу, алыскы райондорго медициналык кербендерди уюштуруу ж.б.

3. Кыргызстанда *карама-каршылашкан, көп кырдуу жана деңгээли жактан татаал* диний кырдаал түзүлдү, б.а. азыркы учурда коомдун ислам чөйрөсү светтик түзүлүшкө карама-каршы келген көп маселелерге (көп аял алуучулук, хиджап, мамлекеттик мекемелердеги намазкана, светтик мыйзамдарга каршы келген шариаттык күнүмдүк тиричиликтеги шарттары) кабылды.

4. Эл аралык исламдык уюмдардын стратегиялык максаты – бийликтин жогорку эшалонунда лоббини жаратуу үчүн кылган аракеттеринен көрүнүп турат: жыйырма жылдан ашуун убакыттан бери саясатчыларга, депутаттарга, ишкерлерге, укук коргоочу органдардын жана интеллегенциянын өкүлдөрүнө Меккеге Ажылыкка жана Умрага баруу үчүн бекер орундарды бөлүп бергендиги далил боло алат;

5. Исламдык диний уюмдардын тез жана динамикалык өнүгүп жаткандыгына карабастан, Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жана туруктуулугуна өз таасирин тийгизе тургандай деңгээлдеги, руханий адеп-ахлактык балуулуктарды калыптандыруу боюнча ислам дининин *жаратмандак дарамети* толугу менен пайдаланыла элек.

6. Ишмердүүлүгүнө тыюу салынган террористик уюмдар менен интернет-имамдар тарабынан *азгырылган кыргызстандык жарандардын* санынын өсүшү экстремистик идеологияга коомдо каршылык көрсөтүү ишинде коомчулуктун кеңири катышуусу керек экендигин далилдеп турат;

7. Кыргызстанда диний аң сезимдин жогорулагандыгына жана “исламдык фактордун” өскөндүгүнө карабастан, мусулмандардын жалпы дини болгон – *сунниттик багыттагы ислам дининин* – республикадагы ар түрдүү улуттагы мусулмандардын башын бириктире албагандыгынын далили 2010-ж. окуя болду, ошондой эле кыргыз, дунган, өзбек, уйгур ж.б. улуттар жыш жашаган жерлерде мечиттерди этникалык жактан бөлүү дагы буга мисал боло алат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** болуп, диссертациялык иште изилденип жаткан проблема боюнча азыркы учурга чейин илимде изилдөөгө алына элек документалдык жана архивдик булактардын талдоого алынгандыгы жана корутунду чыгарылгандыгы эсептелет. Мындан сырткары диссертант

тарабынан изилденип жаткан проблема боюнча анкеталык сурамжылоо жүргүзүлүп, чогултулган эмпирикалык материалдар ишке киргизилген.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** каралып жаткан маселе боюнча талдоо жүргүзүүгө жана жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берген тарыхый фактыларды системалык көз караштан объективдүү талдоого алуу принциби түздү. Диссертациялык иште проблемалык-хронологиялык, статистикалак, тарыхый-типологиялык, тарыхый-салыштырмалуу талдоо жүргүзүү ж.б. методдору колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жана тажрыйбалык мааниси.** Диссертацияда талдоого алынган теориялык жоболорду, системалаштырылган фактылык материалдарды, берилген тыянактар менен сунуштарды, Кыргызстандын соңку тарыхы боюнча илимий эмгектерди жазууда, окуу-усулдук колдонмолорду түзүүдө, окуу жайларда Кыргызстандын тарыхын жана дин таанууну окутууда пайдаланууга болот. Ошондой эле илимий иштин материалдары, ислам маселелери менен алектенген өкмөттүк эмес уюмдардын, бийлик органдарынын, коопсуздук кызматынын тажрыйбалык ишмердүүлүгүндө социалдык маселелерди чечүүгө багытталган программаларды, долбоорлорду иштеп чыгууда, республикадагы диний кырдаалдын өзгөчөлүгү тууралуу калкка маалыматты жеткирүү максатында массалык маалымат каражаттарында пайдаланылышы мүмкүн.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык иштин негизги жоболору жана натыйжалары бир нече эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларга макала же тезис түрүндө сунушталып, талкуулангандан кийин, алардын жыйынтыгы боюнча жарык көргөн материалдарда апробацияланган.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүшү.** Изилдөөнүн негизги жоболору ата мекендик жана чет өлкөлүк публикацияларда берилген. Тема боюнча жалпы 10 макала жарык көргөн, алардын ичинен үчөө чет өлкөлүк басмаларда жарыкка чыккан.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертация кириш сөздөн, үч баптан (алты параграфтан), корутундудан, пайдаланылган булактардан жана маалымат берүүчүлөр менен кыскартылган сөздөрдүн тизмесинен турат. Жалпы көлөмү – 181 бет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

***Кириш сөздө*** теманын актуалдуулугу тастыкталып, изилдөөнүн объекти менен предмети, максаты менен милдеттери, анын хронологиялык алкагы, методологиясы, илимий иштин жаңылыгы аныкталды, ошондой эле, коргоого сунушталуучу негизги жоболору, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы, диссертациялык иштин структурасы жана көлөмү тууралуу маалыматтар көрсөтүлдү.

***«Кыргызстанда ислам факторун изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери» деп аталган биринчи бапта*** «ислам фактору» түшүнүгү теориялык жактан изилдөөгө алынып, ислам баалуулуктары менен адамзат баалуулуктарынын айкалышы көрсөтүлдү. Диссертанттын оюу боюнча, мамлекеттик идеология жок жана коомдо руханий кризис өкүм сүргөн шартта бүткүл адамзатка пайда алып келе турган ыймандуулукка, гумандуулукка, адамгерчиликке багытталган исламдын идеологиясын адамдын жашоо образынын универсалдуу рухий мурасы катары баалоого болот. Бирок, азыркы учурдагы мусулмандар исламдын чыныгы баалуулуктарын колдонбой жаткандыктан, коомдун белгилүү бир бөлүгү радикализм менен экстремизмдин күч алышын ислам дининин жайылышы менен байланыштырып, ага шектенүү менен карашууда.

Автор ислам факторун үч деңгээлде караган: *улуттук* (бир өлкөнүн чегинде), *чөлкөмдүк* (бир чөлкөмдүн чегинде) жана *глобалдык*. Глобалдык деңгээл бүткүл мусулмандар дүйнөсүн билдирсе, чөлкөмдүк деңгээлдеги ислам фактору – Борбордук Азиядагы мусулмандардын өздөрү, каада-салттарды, үрп-адаттарды, адеп-ахлактары жана алардын ишмердүүлүгү менен байланыштуу болгон бардык көрүнүштөрдү камтыйт, ал эми анын ичинде Кыргызстандагы исламдык фактор улуттук деңгээлди билдирет.

Борбордук Азия чөлкөмүндөгү ислам дининин орду дүйнөдөгү ислам дини таркаган башка чөлкөмдөрдөн, өзгөчөлөнүп турат. Тарыхта белгилүү болгондой, бул чөлкөмдөгү ислам дини жергиликтүү маданият, үрп-адат, каада-салттар менен жуурулушкан исламдык ханафий мазхабынын мектеби калыптанган болчу. Бирок, 1917-ж. баштап коммунистик идеологиянын негизинде жалпы диндерге, анын ичинде ислам динине каршы атеизм саясаты жүргүзүлүп келгендиктен, исламдык ханафий мазхабынын мектеби кыйроого учурап, алсызданган абалга дуушар болгон.

Иште Борбордук Азия республикаларынын өз эгемендүүлүгүнө ээ болуусу, ислам дининин тагдырында жаңы мезгилдин башталышына алып келгендиги белгиленди. Бул өлкөлөрдөгү исламдын кайра жаралуу жараянындагы окшоштуктарга токтолсок, алардын дээрлик бардыгында, дин тутуу эркиндигин камсыздаган жана диний ишмердүүлүктү жөнгө салууга багытталган мыйзамдар менен укуктук-ченемдик актылар кабыл алынган, мечиттер салынып, диний окуу жайлар ачылып, ислам багытындагы кыймылдар пайда болгон. Ошондой эле мусулмандардын дин башкармалыгы түзүлүп, мамлекеттик-конфессиялык мамилелер трансформацияланган.

Тарыхый шарттарга байланыштуу Борбордук Азия мамлекеттеринин саясий, экономикалык, социалдык жана маданий басып өткөн жолу анын ичинде диндердин кайра жаралуусу кээ бир окшош тенденцияларга карабастан, бири-биринен кескин айырмаланып өнүгүп келүүдө. Эгерде Тажикстанда исламдык күчтөрдүн активдешүүсү жарандык согушка алып келсе, Өзбекстанда саясий исламды мамлекет катуу кысымга алууга аргасыз болду. Репрессиянын натыйжасында алардын көпчүлүгү өлкөдөн чыгып кетсе, кээ бирөөлөрү

көмүскөдө калды. Ал эми Казакстандын мамлекеттик өнүгүүсүндө адегенде экономикалык реформалар ийгиликтүү жүргүзүлгөндүктөн, диний чөйрөнү жөнгө салуу жеңилирээк болсо, Түркменстанда диний жараян башынан эле мамлекеттик катуу көзөмөлгө алынгандыктан, радикалдашуу маселеси бул өлкөдө катуу көйгөй жарата элек. Ал эми, Кыргызстанда ашыкча дин эркиндиги өлкөдөгү диний абалды татаалдаштырып, көптөгөн маселелерди жаратууда.

Исламдык фактор, коомдун бардык чөйрөсү менен тыгыз байланыштуу болгондуктан, бир жагынан коомдогу болуп жаткан окуялардан көз каранды болсо, экинчи жагынан ал коомдун бардык чөйрөлөрүнө өзүнүн таасирин тийгизип жаткандыгын логикалык жактан туура белгилеген.

Андан ары илимий иште изилденип жаткан маселенин тарыхнаамасын талдоодо аларды төмөндөгүдөй топторго бөлүп кароого мүмкүндүк жаралды:

*1. Совет мезгилинде жарык көргөн эмгектер.* Изилдөөнүн хронологиялык алкагы 1985–1991-жж. ичине камтыгандыктан, Кыргызстан эгемендүүлүгүн алганга чейинки жаралган эмгектер, *совет мезгилиндеги тарыхнаама* катары каралды жана алар ошол мезгилдеги болуп жаткан окуяларды чагылдыргандыктан илимий иште өзүнүн татыктуу ордун тапты.

80-ж. экинчи жарымынан баштап Кыргызстанда Компартиянын диндерге карата жасаган мамилесин окумуштуу В.Б.Богатырев [176]. изилдеген. Ошол кездеги окумуштуулардын көңүлү «исламдык фундаментализм» феноменин бурулганы менен, бул көрүнүш терең изилденбестен, жөн гана сүрөттөлүп берилгендигин [51, 55] байкайбыз. Ошондой эле, аларда өлкөдөгү жана чет өлкөлөрдөгү экстремизмдин маңызы менен мазмуну, пайда болуу себептери менен жагдайлары ар түрдүү өңүттө каралган. Ушуга байланыштуу, СССРде экстремизмдин таасиринин алдын алуу максатында, жаштардын арасында атеистик тарбиялоону күчөтүү чечими кабыл алынгандыктан, ага ылайык окумуштуулардын изилдөө предмети атеистик тарбиялоо болуп калган. Жаштардын арасындагы динчилдиктин пайда болуусунун себеби катары социалдык проблемалар эсептелип, жашоого, эмгектенүүгө, билим алууга жана эс алууга тиешелүү шарттарды түзүү маселеси да сунушталган [94].

80–90-жылдарында жарык көргөн тарыхнаамада, идеологиялык көз караштан алыстап, өлкөдөгү жана чет өлкөлөрдөгү диний кырдаалды объективдүү кароого аракеттенген [43, 51] эмгектер да пайда болгон. Бул изилдөөлөрдөгү фактылык материалдар изилдөө үчүн абдан пайдалуу болду.

*2. Чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн эмгектери.*

Дүйнөлүк диндердин ар түрдүүлүгүн, алардын маңызы менен мазмунун, мусулман дүйнөсүн жана азыркы учурдагы ислам дининин дүйнө жүзүндөгү ролун көрсөткөн маанилүү теориялык жоболор З. Бжезинский, С. Хантингтон, А. Бенигсен, Л. Бернард, Ф. Фукуяма [46, 80, 168, 108, 109, 167] сыяктуу белгилүү **батыштык окумуштуулардын** эмгектеринде камтылган. Бул эмгектерде диний факторун бүткүл дүйнөлүк мүнөзү аныкталып, анын

саясатташуусунан келип чыккан диний-саясий экстремизмдин жана эл аралык терроризмдин орду тууралуу кеңири маалыматтар берилген.

*3. Постсоветтик мезгилде жарык көргөн эмгектер.*

**Россиялык окумуштуулардын** арасында ислам дининин тагдыры жана анын өнүгүү келечеги тууралуу эмгектерди белгилүү окумуштуулар Р. Г. Абдулатипов, А. А .Алов, Н. Г. Владимиров, Г.Джемаль, А. В. Малашенко [44, 45, 49, 65, 66, 67] жаратышкан. Бул илимпоз ислам таануучулардын илимий эмгектери башка көптөгөн идеологиялык мүнөздөгү жана саясатташкан адабияттардан объективдүүлүгү менен айырмаланып тургандыктан изилдөө үчүн зор мааниге ээ болду.

Илимий изилдөө үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон кийинки топтогу эмгектер **постсоветтик Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү** диний кырдаалды чагылдырган бир катар окумуштуулардын изилдөөлөрү болуп саналат. Алардын катарында: Б. Бабаджанов, С. Демидов, А. Ш. Ниязи, Р. С. Бобохонов, С. Олимова, М. Олимов, С. А. Раджабов, С. Жусупов, З. Г. Джалилов [104, 105, 112, 147,148, 195, 196, 197, 149, 77, 121, 48]. Бул окумуштуулардын эмгектери Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү исламдын кайра жаралуусу, анын өнүгүү өзгөчөлүктөрү, саясий исламдын пайда болуу себептери, исламдык радикализм менен экстремизмдин бул чөлкөмдөгү алган орду, коопсуздук маселеси, ага каршылык көрсөтүүнүн жолдору тууралуу кеңири маалыматтарды ичине камтыгандыктан, салыштырмалуу талдоо жүргүзүүдө өтө маанилүү болду.

**Ата мекендик тарыхнаама.** Албетте, изилдөө үчүн олуттуу орунду ээлеген эмгектер катары ата мекендик изилдөөчүлөрдүн эмгектери эсептелери талашсыз. Алардын ичинен Абдырахманов Т. А. К.Айдаркул, А. Князев, Э.Ж. Маанаев, Н. У. Курбанова жана Б. К. Абытов [41, 42, 86, 87, 88, 97, 98, 132, 133, 64, 59, 60, 61, 136, 137, 91, 92, 93] сыяктуу тарыхчы – профессорлордун эмгектерин бөлүп кароого болот. Алардын эмгектеринде исламдык фактор менен бирге өлкөдөгү диний көйгөйлөрдү чечүү боюнча сунуштарды камтыган маселелер кеңири чагылдырылган. Жогоруда аталган окумуштуулардын эмгектеринде ислам дининин кайра жаралуусу, исламдык диний билим берүүнүн абалы, учурдагы көптөгөн мамлекеттердин геосаясий кызыкчылыктары жөнүндөгү, изилдөө үчүн бышып жетилген илимий жактан тастыкталган маалыматтар камтылган.

Ислам маселеси, илимдин ар түрдүү тармагындагы адистердин да изилдөөлөрүнүн объектиси болуп калды. Мисалы, ислам маселелеси, саясий өңүттө И.Э. Мирсайитов, О.А. Молдалиев, Г.Р. Абдыраева, У.Т. Болотбеков, И.Р. Гимазитдинов, А.Б. Канаев, Т.А. Козулаков, Ж.Т. Нурдинова, жана Н.С. Эсенаманова сыяктуу саясат таануучулардын [74, 75, 175, 177, 178, 179, 180, 181, 185], А.С.Ормушев, А. Табышалиева, Ч. Чотаева, А. Ярков, О.Ж. Осмонов, Ш. Шеров [76, 79, 81, 83, 173, 154, 155, 156, 184] сыяктуу тарыхчылардын, Г.А. Жумабаева [52], сыяктуу педагогдун, И. Асланова [103], сыяктуу дин таануучунун, Б.А. Малтабаров, Э.О. Жоробекова, С. Батыгина, Н. А. Омуралиев [144, 118, 119, 182], сыяктуу социологдордун, Т.Ч. Абдылдаева,

У.А. Шаршеналиев [174, 183] сыяктуу философдордун эмгектеринде чагылдырылган. Бул изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде республикадагы мусулмандардын азыркы учурдагы турмушу, өздөрүнүн илиминин багытына жараша ар түрдүү өңүттө чагылдырылган.

Советтик жана постсоветтик мезгилдердеги исламдын кээ бир проблемалары, Кыргызстандагы диний кырдаал З.Галиеванын жана С.Дюшенбиевдин [111, 114] эмгектеринде да изилденген.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда ислам боюнча изилдөөчүлөрдүн тематикалык багытына басым жасаган саясат таануучулук, теологиялык багыттагы изилдөөлөрдү «Дин жана саясат» аналитикалык борборунун директору К. Маликов, КРСУнун алдындагы Стратегиялык талдоо жана прогноздоо Институтунун эксперттери Э. Усубалиев, А. Салиев, Ош мамлекеттик университетинин теология факультетинин деканы З. Ажимаматовдор [68, 69, 70, 71, 220, 244, 95, 96] жүргүзүп келишет. Алар кыргыз коомчулугундагы исламдын өнүгүү жолдору тууралуу идеяларды жана концептуалдык ойлорду айтуу менен, талаш-тартыш маселелерди жаратып, кыргыз коомчулугунда исламдын оптималдуу формасын издөө аркылуу, ислам динин пайдалануунун жолдорун турмушка ашыруу маселелерин көтөрүүдө.

Изилденип жаткан маселеге карата кеңири тарыхнаамалык талдоо жүргүзүүнүн негизинде, *1985-2014-жж. Кыргызстандагы исламдын кайра жаралуу жана өнүгүү жараяны , анын этносаясий кырдаалдарга тийгизген таасири, расмий жана расмий эмес исламдык диний уюмдардын коомдогу орду* азыркы учурга чейин илимий жактан атайын талдоого алынбагандыгын көрө алдык.

Изилдөөнүн булактык базасы мурда жарык көргөн жана жарыкка чыга элек ар түрдүү документер менен материалдарды камтыды.

*Биринчи топтогу мыйзамдуулук булактарынын негизин* КРнын Конституциясы, КРнын «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамы, Кыргызстандын диний чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын Концепциялары, КРнын Президентинин Жарлыктары, КРнын Жогорку Кеңешинин жана Өкмөттүн токтомдору ж.б. дин маселелерине жана мамлекеттик-конфессионалдык мамилелерге тиешелүү болгон укуктук-ченемдик актылары түздү.

*Экинчи топтогу* булактардын базасы катары, изилдөөдө пайдаланылган *архивдик материалдар,* б.а. КРнын Борбордук мамлекеттик архивден алынган совет мезгилиндеги 1985–1990-жж. материалдар, постсоветтик мезгилдеги КРнын Президенттик архивинен алынган документтер менен бирге Дин иштери боюнча Мамлекеттик Комиссиянын, Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын жана изилдөөгө алынган диний уюмдардын учурдагы архивдери жана статистикалык жыйнактардын материалдары колдонулду.

*Үчүнчү топту,* мусулмандардын жашоо образын, тиричилигин жана ислам баалуулуктарын чагылдырган Куран, хадистер ж.б. диний адабияттар түздү.

Мындан сырткары төмөндөгүдөй кеңири маштабдагы адабияттар: ислам динине байланыштуу гезит-журналдардын бетине жарыяланган ар кыл

тармактагы окумуштуулардын, саясатчылардын, коомдук ишмерлердин, серепчилердин ж.б. аналитиктикалык жана публицистикалык макалалары ислам дининин кайра жаралуусундагы жана коомго жайылуусундагы көйгөйлөрдү, ой-пикирлерди элдин мүдөөлөрүн, сунуштарды кеңири камтып, ачык чагылдырылгандыктан көбүрөөк пайдаланылды; изилдөө үчүн керектүү болгон материалдар изилденип жаткан маселеге тиешеси бар адамдар менен автор тарабынан жүргүзүлгөн эркин баарлашуулардын жана сурамжылоолордун натыйжалары; дин маселесине, анын ичинде ислам динине арналган республикалык деңгээлде өткөрүлгөн ар кандай иш чаралардын, эл аралык деңгээлдеги семинарлардын, конференциялардын, тренигдердин, тегерек отурумдардын, талкуулардын материалдары; ошондой эле интернет - ресурстары, исламдык уюмдардын расмий сайттарынын материалдары пайдаланылды.

***Экинчи бап. «Ислам дининин Кыргызстанда кайра жаралуусу»*** Бул бапта өлкөдөгү ислам дининин өнүгүү этаптары жана өбөлгөлөрү, анын коомго тийгизип жаткан таасири менен коомдогу орду жана ошондой эле исламдык диний билим берүүнүн абалы талдоого алынды. Изилдөөдө исламдын кайра жаралуусу мыйзам ченемдүү көрүнүш ошондой эле, ал Кыргызстандын экономикалык, саясий, социалдык жана маданий жашоосундагы болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн бардыгы менен тыгыз байланыштуу деген методологиялык принципке таяндык.

Өлкөдөгү 1985-ж. башталган исламдын кайра жаралуу жараяны 2014-ж. аралыгында бир нече этаптарды басып өтүү менен трансформацияланды.

*Биринчи этап* – диндердин, анын ичинде исламдын *легалдашуу этабы* (1985–1990) Бул мезгилдерде мамлекеттик – конфессиялык мамилелерде дээрлик бири-бирине карама-каршы келген көрүнүштөр болуп өткөн. Бир жагынан бийлик тарабынан исламдын таасирине каршы күрөштү күчөтүү жөнүндөгү иштер жүргүзүлсө, экинчи жагынан диндерге жана диний баалулуктарга карата «жылуу» мамилелердин пайда болгондугун архивдик материалдар тастыктап турат. 1990-ж. СССРде «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамдын кабыл алынышы, совет коомундагы мамлекет менен диндин ортосундагы күрөштүн расмий бүткөндүгүн билдирет.

*Экинчи этап – ислам дининин институциялдашуу этабы* (1991–2004). Бул мезгилдерде исламдык диний институттар (Муфтият, Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгы) калыбына келтирилген; мусулмандардын эки (1996, 2003) курултайы өткөрүлгөн; КМДБнын Уставы менен Аалымдар Кеңешинин курамы жана Борбордук контролдук комиссия бекитилген; Ислам университетин ачуу жөнүндөгү резолюция кабыл алынган. Мечиттердин саны 39дан 1598ге чейин өскөн, исламдык окуу жайлар ачылып өлкөдө диний билим берүү активдүү жүргүзүлө баштаган. 1991-ж. Кыргыз Республикасынын «Диний уюмдар жана дин тутуу эркиндиги жөнүндөгү» Мыйзамынын кабыл

алынуусу диндердин, анын ичинде ислам дининин расмий өнүгүүсүндө зор мааниге ээ болгон.

*Үчүнчү этап* – исламдын *ички мобилдешүү* этабы (2005–2013). Бул этапта 2005-ж., 2010-ж. өлкөдө болуп өткөн саясий окуялардын таасири астында диний чөйрөдө мусулмандык жамааттардын дээрлик активдешкендиги байкалат, расмий жана расмий эмес диний уюмдар өлкөдөгү саясий кырдаалга өз таасирин тийгизүүгө аракеттерди жасашкан. Мисалы, 2005-ж. президентик жана парламенттик шайлоо учурунда Кыргызстандын саясий тажрыйбасында алгачкы жолу диний ресурсту пайдаланууга аракеттер жасалган; 2007-ж. оппозициянын массалык түрдө активдүү митинге чыгып турган мезгилинде, мусулмандарды саясатка тартуу аракеттери болгондугу белгиленген; 2008-ж. болсо экс-омбудсмен Т. Бакир уулу менен Н. Мотуев биргеликте « Кыргызстан мусулмандар Союзун түзгөн»; 2009-ж. Н. Мотуев өзүнүн кандидатурасын президенттикке коюп, өтпөй калгандан кийин Т. Бакир уулу менен пикир келишпестиктер болгондуктан өз алдынча «Кыргызстандын чыныгы мусулмандар Союзун» түзүп, кайрадан 2011-ж. президенттикке кандидатурасын көрсөткөн.

Ушул жылдардагы, бийлик менен оппозициянын ортосундагы саясий тирешүүлөр Муфтиятка да өз таасирин тийгизбей койгон жок. Дин башкармалыгындагы ар түрдүү топтордун жана идеологиялык агымдардын ортосундагы ички чыр-чатактар менен интригалардын натыйжасында бир нече жолу муфтий алмашылып, анын кесепетинен Муфтиятка баш ийбеген диний уюмдар активдешкен. Ушундай кырдаалда өзүн чыныгы мусулмандардын амири катары эсептеген саясатчыл, интриган Н. Мотуевдин кыргызстандыктарды жихадка үндөгөн интервьюсу интернетке чыккан.

2014-жылдан баштап, исламдын кайра жаралуусунда жаңы төртүнчү этап, б.а. *ислам дининин реформалануу* этабы башталды. 2014-ж. дин маселеси жогорку мамлекеттик деңгээлде – Коргоо Кеңешинде үч жолу каралып, Кыргыз Республикасында диний экстремизмге каршы туруу маселеси талкууланган. Диний чөйрөнү реформалоого багытталган кеңири масштабдагы программанын алкагында жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында, «2014–2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы» иштелип чыгып кабыл алынды; дин маселеси менен алектенген органдардын: КМДБ, ДИМК, МУКК, ИИМнин 10-ББ функционалдык ишмердүүлүгү талдоого алынды; 2010-ж. кабыл алынган жаңы Конституцияга ылайык, диний чөйрөнү жөнгө салуучу мыйзамдык актыларга өзгөртүүлөр киргизилди; Дин маданиятын өнүктүрүү максатында «Ыйман» фонду түзүлдү жана КМДБда реформалар башталган.

Бул бапта, ислам мамлекеттеринин Кыргызстанда диний агартуу иштерин жүргүзүүгө кызыктар болгондугу көрсөтүлдү. Кыргызстанга келген мусулман миссионерлеринин активдүү иш аракеттери өлкөбүздөгү ислам дининин кайра жаралуусуна жана жайылуусуна өз таасирин тийгизген тышкы өбөлгөлөр

катары бааланды. Мындан сырткары, ислам дининин өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизген, идеологиялык, социалдык, укуктук, психологиялык ж.б. ушул сыяктуу объективдүү ички өбөлгөлөр аныкталды.

Өлкөдө ислам дининин кеңири жайылуусун талдоого алуу, анын коомго тийгизип жаткан *таасирлерин* аныктоого мүмкүндүк берди, алар: Кыргызстандын мусулман өлкөлөрү менен болгон тышкы байланышынын калыптанышы; өлкөдө диний объектилердин жана уюмдардын көбөйүшү; балдардын жана өспүрүмдөрдүн социалдашуусунда исламдын пайдаланылышы; шаарлар менен айылдардагы, жеке жана коомдук жашоодогу өзгөрүүлөр; мусулмандык кийим жана халал өндүрүштөрүнүн пайда болуусу; мусулмандык массалык маалымат каражаттарынын жана китеп басмаканаларынын өнүгүүсү; Меккеге Ажылыкка баруунун ишке ашырылуусу; исламдык диний окуу жайларынын ачылышы; «аялдар жамааттарынын» түзүлүүсү, үй-бүлө куруунун исламдык моделинин жайылышы жана ошондой эле, өлкөдө диний радикализм менен экстремизмдин күч алуусу.

Ошондой эле, **бул бапта** исламдын өнүгүүсүндөгү эң маанилүү аспект болуп саналган исламдык диний билим берүүнүн абалы дагы талдоого алынды. Белгилүү болгондой Кыргызстанда диний билим берүү диний окуу жайларында гана жүргүзүлөт. Алгачкы исламдык окуу жайлар 90-ж. башында түзүлүп, бирок алар расмий каттоодон 90-ж. аягында жана 2000-ж. өтүп баштаган, жыл сайын алардын саны өсүүдө. Бирок, ушул убакка чейин бир дагы диний окуу жайы, анын ичинде жогорку окуу жайлар дагы мамлекеттик лицензияга ээ болгон эмес. Андыктан, бул окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү мамлекеттик үлгүдөгү дипломго ээ боло алышпайт жана жумушка орношууда тоскоолдуктарга дуушар болууда. Постсоветтик Борбордук Азиялык мамлекеттердин ичинен Кыргызстандык жарандар гана Египет, Пакистан, Бангладеш, Түрция, Сауд Аравиясы ж.б.у.с. чет өлкөлөрдөн барып билим алып келүүгө мүмкүнчүлүк алган, бул болсо Кыргызстанда ар кандай диний идеологиялардын эркин жайылышына шарт түзүп, проблемаларды жаратууда.

***«Кыргызстандын социалдык жана этносаясий өнүгүүсүндөгү исламдын орду»*** деп аталган үчүнчү бапта Кыргызстандын социалдык жана этносаясий өнүгүүсүндөгү исламдык уюмдардын ишмердүүлүгү талдоого алынды жана андагы исламдын орду аныкталды.

Кыргызстандагы мусулман коомчулугунун структурасын автор алардын аткарган кызматына карата дифференциялады: башкаруучу расмий уюм катары *Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы, расмий каттоодон өткөн исламдык ӨЭУдар жана коомдук фонддор, бирикмелер, «аялдар жамааттары» жана ишмердүүлүгүнө тыюу салынган деструктивдик, экстремистик жана террористик уюмдар*.

Бапта жогоруда аталган диний уюмдардын ишмердүүлүгү талдоого алынды. Өзгөчө көңүл диний-саясий экстремизмдин пайда болуусунун негизги себептерине бурулуп, юридикалык статусу жок, Кыргызстандын аймагында

жашыруун, деструктивдүү ишмердүүлүк менен алектенген экстремистик жана террористик уюмдардын иштери көрсөтүлдү. Кыргызстандык жарандардын террористик уюмдардын катарында согушуу үчүн чет өлкөлөргө кетип жаткандыгынын себептери, аны изилдеген Болгариялык саясат таануучу, профессор Т. Дрознина менен КМШ өлкөлөрүнүн Антитеррордук борборунун Кыргыз Республикасындагы өкүлү Б. Дубанаевдердин изилдөөлөрүн талдоого алуу аркылуу каралды.

Ошондой эле, бул бапта өлкөдөгү этносаясий кырдаалдарга исламдын тийгизген таасири изилденди. Эгемендүүлүк жылдарында өлкөдөгү этносаясий кырдаал этникалык фактордун саясатташуусу менен мүнөздөлөт. Республикада жарыяланган суверенитет кээ бир улуттардын өкүлдөрү тарабынан жеке кыргыз улутунун суверенитети катары жана алар үчүн коомдун бардык чөйрөлөрүндө өзгөчө шарттар түзүлгөн сыяктуу кабыл алынган. Өлкөдөгү полиэтникалык шартта суверенитетке жетишүүнүн мындай тенденциясы этностор аралык чыңалууну пайда кылды. Анын далили катары диссертант, этносаясий мүнөздөгү конфликтер болуп эсептелген, 1990 жана 2010-жылдардагы Кыргызстандан түштүгүндөгү окуяларды карады. Бул окуялар мусулмандардын ортосунда биримдиктин жоктугун, дин башкармалыгынын алсыздыгын айкындап, мечиттер менен медреселердин жана мусулмандардын сан жагынан өсүшү, коомдогу ислам дининин сапаттык көрсөткүчү боло албастыгын тастыктады. Мусулман төбөлдөрүнүн этностук кагылышуу учурундагы жана андан кийинки иш аракеттери, алардын алдыңкы катарда болбостон, жөнөкөй адамдар же уюмдар сыяктуу иштер менен чектелгендигин көрсөттү.

Ошол эле мезгилде, бул коогалаңдын соңунда дин аалымдарынын, имамдардын, исламдык диний уюмдардын, жааттaшкан тараптарды элдештирүүдө ислам ресурстарын кеңири колдонуу аркылуу топтошкон элди таратууда, жер-жерлерде кыргыздар менен өзбектерди элдештирүүдө жана каржылык-кайрымдуулук иштерин активдүү жүргүзүшкөндүгү тууралуу далилдер берилди.

## КОРУТУНДУ:

Диссертациянын **корутунду бөлүмүндө** изилдөөнүн натыйжалары боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

**1.** XX кылымдын 80–жылдарынын ортосунда СССРде башталган «кайра куруу» саясаты, диний чөйрөдө мамлекеттик көзөмөлдүн басаңдашына алып келип, советтик коомдо диндердин *легитимдешүүсүнө* шарт түзгөн. Ал эми, 1991-ж. Кыргыз Республикасында кабыл алынган «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Мыйзам, постсоветтик Борбордук Азия мамлекеттеринде дин тутуу эркиндиги боюнча кабыл алынган мыйзамдарга салыштырмалуу өтө либералдуулугу менен айырмаланган. Андыктан, Кыргызстанда ислам дини либералдуу мыйзамдуулуктун, ашынган

демократиянын, ошондой эле экономикалык, саясий, руханий-маданий жана социалдык кризистердин татаал шартында өнүктү.

**2.** Кыргызстандагы ислам 1985-жылдан баштап 2014-жылдар аралыгында өзүнүн өнүгүүсүндө бир нече этаптарды башынан кечирди: 1985–1990-жж. – *легалдашуу этабын;*1991–2004-жж. – *институциялдашуу этабын;*2005–2013-жж. – *ички мобилдешүү этабын*; 2014-жылдан баштап төртүнчү жаңы *реформалануу этабына* өттү. Изилденип жаткан мезгилдерде Кыргызстандагы мамлекеттик-конфессионалдык мамилелер атеизмден (1985-1990-жж.) дин эркиндигине чейин трансформацияланды (1991-2013-жж.). Ага ылайык, бул мезгилдерде мамлекеттик-исламдык мамилелер өнүгүүнүн *атеистик жана либералдык* моделдерин башынан өткөрдү. 2014-жылдан баштап, келечекте биздин өлкөгө ылайыктуу болгон жаңы *өнөктөштүк моделди* түзүүгө аракеттер башталды. Мамлекеттик-исламдык мамилелердин келечеги ислам дининин жана исламдык уюмдардын коомдогу орду менен ролун, алардын аткара турган кызматын, ишмердүүлүк чөйрөсүн жана компетенциясын аныктаган *мыйзамдар аркылуу бекемделген* жоболордон көз каранды.

**3.** Кыргыз Республикасында ислам дининин кайра жаралуу жана өнүгүүсү тышкы жана ички факторлор менен шартталган. Бул процесстердин *тышкы факторлору* болуп: а) бир жагынан, ислам динин жайылтууга кызыктар болгон мусулман өлкөлөрүнүн миссионерлеринин активдүү иш аракеттеринин натыйжасында, расмий жана расмий эмес жолдор аркылуу ар кандай саясий жана диний идеологиялардын Кыргызстанга киргизилиши; б) экинчи жагынан, кыргызстандык атуулдардын диний билим алып келүү максатында расмий жана расмий эмес жолдор менен, ар кайсы мусулмандык чет мамлекеттерге барып, окуусун аяктагандан кийин Кыргызстанга жат идеологиялар менен кайтып келиши эсептелет. Маселени изилдөөнүн натыйжасында, *идеологиялык, социалдык, укуктук, психологиялык ж.б.у.с ички факторлор* аныкталды.

**4.** Өлкөдө эркин жана динамикалуу жайылган ислам дини, учурда коомдун бардык чөйрөлөрүнө сүңгүп кирип, өзүнүн *оң* жана *терс* көрүнүштөрү менен коштолууда. Исламдын коомго жайылуусундагы *оң көрүнүштөр* катары: мусулмандардын дин тутуу эркиндигине ээ болгондугу; диний билим алууга жана шариаттын мыйзамы менен жашоого жана Меккеге ажылыкка барууга мүмкүндүк алгандыгы; өлкөдөгү татаал, өткөөл мезгилде анын коомдук мамилелерди жөнгө салып туруучу жана руханий баалуулуктун бир тарамы катары калктын көпчүлүк катмары үчүн социалдык жубатуунун ролун аткарып келгендиги; өзүнүн кайрымдуулук иштери менен, исламдык диний уюмдардын өлкөнүн социалдык өнүгүүсүнө кошкон салымы; исламдын Кыргызстан элдеринин социалдык тилектештигинин салттуу өбөлгөсү катары, бирдиктүү диндеш коомчулук экендигин баамдоо деңгээлинде интеграциялык процесстерге шарт түзгөндүгү эсептелди; Ошону менен бирге, ислам чөйрөсүндө учурда төмөндөгүдөй *терс көрүнүштөр* бар: мусулман коомчулугунун ар кандай саясий күчтөрдүн объектиси болуп калып жаткандыгы; исламдык интеллектуалдык элитанын тартыштыгы; Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгында ислам дининин өнүгүүсү тууралуу

Концепциянын жоктугу; светтик мамлекетте иш алып барууда ата мекендик мусулман төбөлдөрүнүн өздүк тажрыйбасынын жоктугу; исламдык диний билим берүүдөгү көйгөйлөр; мусулман элдердин ортосундагы конфликтер; диний экстремизм менен терроризмдин пайда болушу; чет өлкөдөгү согуштарга кыргызстандыктардын кетип жатышы.

**5.** Кыргызстанда исламдык диний билим берүүнүн калыптануусу жана өнүгүүсү төмөнкүдөй эки мезгилди башынан кечирди: *биринчиси,* 1991–2008-жж. исламдык билим берүүнүн калыптануу мезгили; *экинчиси,* 2008–2014-жж. исламдык билим берүүнүн институциялдашуу мезгили. Бул мезгилдерде өлкөдө мамлекет тарабынан лицензияланбаган төмөндөгүдөй баскычтагы билим берүү мекемелери түзүлдү: *исламдык баштапкы окуу жайлар; исламдык орто окуу жайлар; исламдык жогорку окуу жайлар.* Бирок, азыркы мезгилге чейин толук кандуу өнүккөн концептуалдуу исламдык билим берүү системасы түзүлө элек. Бул жаатта ченемдик-укуктук базанын, бирдиктүү билим берүү стандарттарынын, окуу пландарынын жоктугу; дин кызматкерлеринин арасында квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги; окуу жайлардын материалдык-техникалык жана окуу-методикалык жактан алсыздыгы; диний билим берүү боюнча концепциянын жана тажрыйбанын жоктугу, медреселер менен жогорку окуу жайларындагы билим берүү программаларынын бир жактуулугу сыяктуу али чечиле элек *көйгөйлөр* бар. 2014-жылдын аягынан баштап Муфтият тарабынан билим берүү чөйрөсүн реформалоо иштери башталды.

**6.** Коомдун туруктуулугуна, мусулмандардын биримдигине жана мамлекеттин бүтүндүгүнө коркунуч жараткан, ишмердүүлүгүнө тыюу салынган, расмий эмес радикалдык мүнөздөгү экстремистик жана террористик уюмдардын саны жыл сайын көбөйүүдө. Алар, дин тутуучулардын билимсиз бөлүгүнүн арасында, алардын түркөйлүгүнөн пайдаланып, өздөрүнүн жашыруун иштерин активдештиргендигинин натыйжасында, кыргызстандык жарандар мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч жаратып, Сириянын аймагындагы болуп жаткан согушка катышуу үчүн кетип жатышат. Ар түрдүү диний агымдар, секталар, партиялар же саясий күчтөр «мусулман коомчулугун» өз тарабына тартууга аракеттерди жасашы мүмкүн. Бүгүнкү күндө, келечектеги мусулман коомчулугу мамлекеттик бийликке жана өкмөткө каршы турган дареметтүү радикалдуу оппозицияга айланбайт деп эч ким кепилдик бере албайт. Андыктан, учурда Кыргызстан интеллектуалдык прогрессивдүү исламды жана билимдүү исламдык элитаны калыптандырууга багытталган диний реформага муктаж.

**7.** Кыргызстанда ислам дини, поликонфессионалдуу, полиэтникалуу татаал колоритте, таасирдүү күчкө айлануу менен өнүгүп жатат. Өлкөдөгү этносаясий кырдаалдарга исламдын кээ бир оң таасирлери болгонуна жана диний аң сезимдин жогорулагандыгына карабастан, мусулмандардын жалпы дини болгон – сунниттик багыттагы ислам дини – өзүнүн ичиндеги биримдиктин жана медиациялык тажрыйбанын жоктугунан республикадагы ар түрдүү улуттагы мусулмандардын башын бириктире алган жок.

# ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Жогоруда келтирилген тыянактарга таянуу менен төмөнкү *практикалык сунуштарды* берүүгө болот:

- Мамлекет Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгы менен өнөктөштүк мамилелерди орнотуунун үстүндө иш алып барууну улантуу менен, патриот жана жогорку интеллектуалдуу исламдык элитаны калыптандыруу максатында ата мекендик исламдык билим берүү системасын түзүүгө көмөк көрсөтүүсү зарыл.
- Дин иштери боюнча мамлекеттик Комиссия экстремистик көрүнүштөрдүн алдын алуу максатында мамлекеттик органдардын, жарандык коомдун жана исламдык уюмдардын ортолорундагы өз ара аракеттерди оптималдаштыруусу учурдун талабына туура келет.
- Кыргыз Республикасынын светтик мамлекет экендигин эске алуу менен Кыргызстандагы ханафий мазхабынын матрудий акыйдасындагы расмий исламды жалпы элдин кызыкчылыгы менен айкалыштырып калкты руханий жана адеп-ахлактын жактан тарбиялоо ишине багыттоо максатка ылайыктуу.
- Укук коргоо органдары коомдо антиэкстремистик иммунитетти жогорулатуу максатында деструктивдик уюмдардын террористик жана экстремистик ишмердүүлүгүнүн зомбулуктук маңызын жана мүнөзүн, ачып көрсөтүү аркылуу өз ишмердүүлүгүн системалаштыруусу жана өркүндөтүүсү зарыл.
- Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгы өзүнүн коомдогу авторитетин жогорулатуу үчүн диний бийликтин төмөнкү кызматтарына адамдарды дайындоодо кадрлык саясатка өзгөчө көңүл буруу менен облустук казыяттардын, жергиликтүү имамдардын жана имам-хатибдердин дараметин көтөрүүсү абзел. Ошондой эле, Муфтият исламдык ӨЭУдардын, фонддордун, бирикмелердин жетекчилери менен бирдикте идеологиялык, агартуучулук жана кайрымдуулук ишмердүүлүктү активдештирүүсү талапка ылайык.
- Расмий ислам коомдогу радикалдык көз караштарга идеологиялык жактан каршы туруу үчүн, ислам дининин туруктуу ортомчулдук, компромистик, консенсустук, кеңешүүчүлүк, бийликти сыйлоо сыяктуу идеялык-теориялык мурастарын ишенимдүү бекемдеп жайылтуусу керек.
- Жетим балдарга, жакыр үй-бүлөлөргө, оорулууларга, майыптарга, ж.б. калктын муктаж болгон аялуу катмарына карата жүргүзүлгөн кайрымдуулук иштерин даңазалоо менен ислам дининин социалдык кызматын стимулдаштыруу зарыл.
- Исламды калк арасына жайылтууда, шариатты айтууда догмалык-формалдуу көз караштардан алыстап, исламдын маңызын жана мазмунун чечмелөөгө көбүрөөк көңүл бурулушу керек. Ишенимдин критерийи аныктоодо, беш маал намаз окуу, хиджап кийүү, сакал коюу же Меккеге ажылыкка барып келүү сыяктуу мусулмандыктын тышкы белгилери гана каралбастан, адамдын коомго пайда алып келе турган жогорку адеп-ахлактык сапаты каралуусу шарт.

## Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү макалаларда чагылдырылган


1. Курбанова, Н.У., Карасартова, Ч.Ж. Развитие государственно – конфессиональных отношений в современном Кыргызстане // Вестник КГУ им.И.Арабаева. –Бишкек, 2012.– Вып.№3.–С. 61–65.
2. Карасартова, Ч.Ж. Роль ислама в духовно-нравственном обновлении общества // Сб.статей научно-практической конференции КРСУ. – “Религиозная ситуация и межконфессиональный диалог в Кыргызстане” – Бишкек, 2012.– С.70–75.
3. Курбанова Н.У., Карасартова, Ч.Ж.Актуальные вопросы подготовки специалистов по истории и культуре традиционных религий в современном Кыргызстане // Материалы Международного семинара-совещания представителей государств-участников СНГ. –Москва, 2012.– С. 44–49.
4. Карасартова, Ч.Ж. Кыргызстанда исламдык диний билим берүүнүн маселелери // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. –Бишкек, 2013.– Чыг.– №3. – 45–48-б.
5. Карасартова, Ч.Ж. Ислам дининин өнүгүүсүндөгү реформалануу маселелери // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. –Бишкек, 2013.– Атайын чыгарылыш. – 81–83-б.
6. Карасартова, Ч.Ж. Кыргызстандагы мыйзамсыз диний уюмдар// И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. –Бишкек, 2014.– “Ханафизм жана Кыргызстандагы азыркы учурда диний кырдаал”. –100–105-б.
7. Карасартова, Ч.Ж. Совершенствование межконфессиональных отношений в современном Кыргызстане: проблемы и перспективы // Материалы Международной конференции. –Алматы, 2015. 24-25 февраля. – С. 93–98.
8. Карасартова, Ч.Ж. Исламское возрождение и религиозная ситуация в современном Кыргызстане // Политические институты и процессы. Кемеровский государственный университет. –Кемерова, 2015. – С. 92– 95.
9. Карасартова, Ч.Ж. Кыргызстандагы этносаясий кырдаалдагы ислам дининин орду // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. –Бишкек, 2015.– Чыг. – №4. –70–74-б.
10. Карасартова, Ч.Ж. Кыргызстандын коомдук-социалдык өнүгүүсүндөгү исламдык уюмдардын орду / И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Бишкек, 2015.– Чыг. – №5. –44–49-б.

**Карасартова Чынаркүл Жумашовнанын «Кыргызстандагы ислам дининин социалдык жана этносаясий маселелерде алган орду (1985-2014-жж.)» – адистиги 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Өзөктүү сөздөр:** Кыргыз Республикасы, ислам фактору, ислам дини, исламдык диний билим берүү тарамы, Муфтият, исламдык диний уюмдар, мечит, медресе, мусулман коомчулугу.

**Диссертациялык иштин максаты** болуп советтик жана постсоветтик мезгилдердеги Кыргызстанда мамлекеттик-исламдык мамилелердин трасформацияланган шартында, социалдык жана укуктук статусу өзгөргөн ислам дининин, социалдык жана этносаясий процесстерде алган ордун жана ролун аныктоо саналат.

**Изилдөөнүн объектиси** – болуп Кыргыз Республикасынын калкынын социалдык жана этносаясий турмуш чөйрөсү эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** – болуп XX–XXI кк. чегиндеги кыргыз коомчулугундагы ислам дининин кайра жаралуу, коомго жайылуу жана таасирин тийгизүү жараяндары саналат.

**Изилдөөнүн методологиясы** катары ар түрдүү анализ жана синтез жүргүзүү методдорун айкалыштырууга мүмкүндүк жараткан тарыхый фактыларды системалык көз караштан объективдүү талдоого алуу прициби кызмат кылды.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Постсоветтик Борбордук Азиялык мамлекеттериндеги исламдын кайра жаралуу жана коомго жайылуу процесстерине салыштырмалуу талдоо жүргүзүлдү; Кыргызстан коомунун турмушуна ислам дининин тийгизген таасири аныкталды; Муфтияттын, расмий жана расмий эмес исламдык уюмдардын ишмердүүлүгү талдоого алынып, аларга баа берилди; илимий айлампага киргизиле элек жаңы булактардын негизинде, мурда изилденбеген светтик мыйзамдардын шариаттын нормаларына дал келбөөсү, коомдо «аялдар жамааттарынын» пайда болуусу жана өнүгүүсү каралды; кыргызстандыктардын «жихад» үчүн чет өлкөлөргө согушка кетип жаткандыгынын ички жана тышкы себептери аныкталды; өлкөдөгү этносаясий процесстердеги исламдын орду аныкталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын пайдалануу чөйрөсү** – илимий иштеги негизги маалыматтарды жана тыянактарды, ислам дин кызматкерлери жана дин маселесине тиешеси бар бийлик органдарында иштегендер үчүн тажрыйбалуулук ишмердүүлүктөрүндө, республикадагы диний кырдаалдын өзгөчөлүгү тууралуу калкка маалыматты жеткирүү максатында жана окуу жайларда Кыргызстандын тарыхы, дин таануу ж.б. гуманитардык багыттагы сабактарды окутууда жана тарыхый изилдөөлөрдө пайдаланса болот.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Карасартовой Чынаркул Жумашовны на тему: «Место ислама в социальных и этнополитических проблемах Кыргызстана (1985-2014 гг.)», представленной на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07. 00. 02. – Отечественная история.**

**Ключевые слова:** Кыргызская Республика, ислам, исламский фактор, исламское религиозное образование, Муфтият, исламские религиозные организации, мечет, медресе, мусульманское сообщество.

**Целью исследования является** определение места и роли ислама в социальных и этнополитических процессах Кыргызстанав результате трансформации государственно-исламских взаимоотношений в контексте изменения его социального и правового статуса в советский и постсоветский периоды.

**Объектом исследования** является социальная и этнополитическая сфера жизни населения Кыргызской Республики.

**Предметом исследования** являются процессы, связанные с возрождением, распространением и влиянием ислама на кыргызстанское общество на рубеже XX–XXI вв.

**Методологией исследования** послужили принципы историзма, объективности и системный подход, позволившие совместить различные способы анализа и синтеза.

**Научная новизна работы** заключается в том, что: проведен сравнительный анализ процессов возрождения и распространиения ислама в постсоветских центральноазиатских государствах; определен уровень влияния ислама на жизнь кыргызстанского общества; проанализированы и оценены деятельности Муфтията, официальных и запрещенныхрелигиозных организаций; на основе введения в научный оборот новых документальных источников, освещены ранее не рассмотренные в других исследованиях такие вопросы, как несоответствие светских законов нормам шариата, появление и развитие в обществе «женских жамаатов»; выявлены основные внешние и внутренние причины участия кыргызстанцев в военных операциях в зарубежных странах;определено место ислама в этнополитических процессах в стране.

**Область применения результатов исследования.** Результаты и выводы, сформулированные в диссертации, могут быть использованы в практической деятельности религиозных работников, органов власти, занимающихся проблемами религии, в средствах массовой информации с целью информирования населения о религиозной ситуации в республике, а также в учебных заведениях при изучении таких предметов, как «История Кыргызстана», «Религиоведение» и др. дисциплин гуманитарного направления.

**SUMMARY**

**Karasartova Chynarkul Zhumashevna**

**«Place of Islam in social and ethno-political problems of Kyrgyzstan (1985-2014)»Dissertation for the award of scientific degree of Candidate of Historical Sciences Specialty 07.00.02. - Native History**

**Keywords:** Kyrgyz Republic, Islam, the Islamic factor, Islamic religious education, the Mufti, Islamic religious organizations, mosques, the Muslim community.

**The aim of the research** is to determine the place and role of Islam in social and ethno-political processes in Kyrgyzstan as a result of the transformation of state-Islam relations in the context of changing their social and legal status of the Soviet and post-Soviet periods.

**Object of research:** the Islamic and religious sphere of Kyrgyzstan.

**Subject of study** is processes that connect with a rebirth, dissemination and influence Islam at Kyrgyz society in 20-21 century.

**Methodology of research** was the principles of historicism, objectivity and systematic approach, which allowed combining different methods of analysis and synthesis.

**The scientific novelty of the work** lies in the fact that: comparative analysis of the revival processes and dissemination Islam in post-Soviet Central Asian States; the level of influence of Islam on the lives of Kyrgyz society; analyzed and evaluated the activities of Mufti and his department "Daawat", both official and banned destructive religious organizations in Kyrgyzstan; based on the introduce into scientific use new documentary sources, highlight issues such as mismatch secular Sharia laws, the emergence and development of the society "women's Jamaat"; identified the major internal and external causes of Kyrgyzstan's participation in military operations in foreign countries, the ways of their recruitment to extremist and terrorist organizations; Islam is defined in the ethno-political processes in the country.

**Application fields of research results.** Results and conclusions in the thesis can be used in the practice of religious workers, authorities dealing with religion, in the media with the aim of informing the population about the religious situation in the republic, as well as in educational institutions in the study of subjects such as the history of Kyrgyzstan, religious studies, and others humanities disciplines.